**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору А.Э.Абдыкеримованын изденүүчү Султанова Айнура Абайдиллаевнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери" аттуу диссертациясына**

# КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык иштин адистикке туура келиши.** А. А. Султанованын "Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери" аттуу кандидаттык иши Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин багытына, профилине шайкеш келет. Анткени иште 10.02.01 – кыргыз тили адистигинин паспортуна туура келүүчү маселелер – Кыргызстандагы Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдик системасы тилдик материал катары лексика-семантикалык, этимологиялык, фонетикалык жана тарыхый аспектидеги комплекстүү изилдеп талдоого алынган.

Изилдөөнүн мазмуну жана жыйынтыктары 10.02.01 – кыргыз тили адистигинин талаптарына жооп берет.

**2. Изилдөөнүн максатын** кыргыз тилинин тарыхында жана кыргыз топонимикасында олуттуу орун ээлеген Чоң-Алай топонимдик системасын ар тараптуу анализдөө, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү менен формалык түзүлүшүндөгү фонетикалык өзгөрүүлөрдү, бул ареалга тиешелүү топонимдердин составын аныктоо жана классификациялоо, тарыхый лингвистикалык ордун аныктоо түзгөн.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн, жалпысынан, төмөнкүдөй **милдеттер** аткарылган:

- топонимика, тарыхый лексикология, тил тарыхы, тарых боюнча эмгектерди талдоо, серептөөнүн негизинде кыргыз топонимикасынын өнүгүүсүндөгү багыттарды жана тенденцияларды аныктоо;
- Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдик ситемасында учураган топонимдердин фонетикалык жактан калыптануусунун мыйзам ченемдерин

КЫРГНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 10-24-22
«12» 02 2025 г.

жана негизги факторлорун талдоо, алардын арасындагы байыркы топонимдерди тарыхый фонетикалык жактан анализге алуу;

- Чоӊ-Алай өрөөнүнүн топонимиясында орун алган топонимдерди, топонимдердин компоненттерин этимологиялык же тарыхый этимологиялык изилдөөгө алып, түрк тилдери жана башка тилдердеги сөздүк каражаттар менен маанилик-формалык байланыштарын ачып берүү.

**2. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу**

Курчап турган обьективдүү чындыкта географиялык обьектилердин (тоо, суу, түздүк, өрөөн ж.б.) өздөрү реалдуу материянын көрүнүштөрү болуп эсептелсе, аларга ыйгарылган аталыштар ошол обьектилер жайгашкан аймакта жашаган (жана жашап өткөн) этностун тилинин, айрыкча, лексикасынын өзүнчө бир катмары катары каралат. Мындай аталыштар, башкача айтканда, топонимдер сырткы дүйнө обьектилеринин тилдик бирдиктер аркылуу туюндурулушу гана болбостон, тилдин тарыхый өнүгүүсүнүн, этностун этнос катары калыптануусунун тарыхында маанилүү көрсөткүч катары кызмат өтөйт.

Ошондуктан тилдин лексикасындагы топонимдик катмарды түрдүү аспектилерде системдүү түрдө лингвистикалык изилдеп-үйрөнүү эле кыргыз тил илиминин жана анын түрдүү бөлүмдөрүнүн өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге болгон жыйынтыктарды бере алат. Ушул негизде алганда, Улуу Жибек жолунун траекториясы менен тыгыз байланышка ээ болгон, Кыргызстандын аймагында географиялык жактан да, тарыхый жактан да, гидроресурстук жактан да, геосаясий жана стратегиялык жактан да олуттуу мааниге ээ болгон Чоӊ-Алай өрөөнүнүн топонимиясын илимий иликтөөгө алуу улуттук лингвистика маанилүү маселелерден. Бул аймактын топонимиясынын өзгөчөлүктөрү лингвистикалык жана географиялык, тарыхый пландагы экстралингвистикалык факторлор менен шартталат. Ошондой эле топонимдердин келип чыгуусундагы, этимологиясындагы бир тилдик, тил аралык факторлордун, башка тилдерден өздөштүрүү жана кабыл алуулардын таасирин, топонимдик бирдиктердин семантикалык жана формалык өзгөрүүлөрүн, трансформацияларын изилдөөгө алуунун да илимий-теориялык жана практикалык мааниси зор. Дегеле, топонимдер кыргыз элинин жана кыргыз тилинин тарыхый жактан калыптануусунун, өнүгүүсүнүн индикаторлорунун бири экенин эстен чыгарбоо зарыл. Бул жаатта алганда, кыргыз тил илиминде топонимиканын жалпы маселелери, тигил же бул локалдык аймактын топонимиясы (мисалы, Кыргызстандын түндүгүндөгү же түштүгүндөгү топонимдер, Ысык-Көл топонимиясы, Лейлек топонимиясы, Чаткал топонимиясы ж. б.) боюнча түрдүү аспектилердеги лингвистикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп келе жатканы менен, жогоруда белгиленгендей, азыркы Кыргыз мамлекетинин аймагында географиялык жактан да, тарыхый жактан да,

гидроресурстук жактан да, геосаясий жана стратегиялык жактан да олуттуу мааниге ээ болгон Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимиясы тарыхый, этимологиялык, лексика-семантикалык, фонетикалык жактан териштирилип, комплекстүү жана системдүү түрдө иликтөө-талдоого алына электиги белгилүү.

Демек, А. Султанованын изилдөө темасынын **актуалдуулугу** жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар менен шартталат.

**3. Иштин илимий жыйынтыктары**

**3.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.** А. Султанованын изилдөөсүндө кыргыз жергесиндеги тарыхый-географиялык жактан маанилүү аймактардын бири болгон Чоң-Алай өрөөнүнүн жер-суу аталыштар системасы комплекстүү түрдө изилдениши жана аталган аймактагы топонимдер кыргыз тилинин лексикологиясына, тарыхый фонетикасына, тилдин тарыхый өнүгүүсүнө, этимологиясына байланышкан айрым маселелерди чагылдырган тилдик факты-материалдар катарында каралуусу, Чоң-Алай өрөөнүндөгү жер-суу аттарынын белгилүү бир тарыхый катмарларын аныктоо өңдүү бир катар маселелердин ар кыл (этимологиялык, лексика-семантикалык, фонетикалык, тарыхый, белглүү даражада концептуалдык) аспектилерден алгач ирет иликтөөгө алынуусу жана алардан тишелүү тыянак, натыйжалардын чыгарылышы, ошондой эле изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде аталган аймактагы топонимдердин тизмесинен жана алардын түшүндүрмөсүнөн турган 51 беттик тиркеменин иштелип чыгышы иштин илимий жаңылыгын түзөт. Анын негизинде иште төмөнкүдөй илимий натыйжалар (жоболор) берилген:

1. Чоң-Алай топонимиясынын байыркы катмарын түзгөн аталыштардын этимондук составы жалпы кыргыз топонимикасынын тарыхый пайдубалы, концептуалдык негизи болуп эсептелет.
2. Азыркы күнгө дейре сакталып келген Чоң-Алай топонимиясы – онтологиялык байыркы негиздүү структура жана кыргыз тилинин лексикалык корунун динамикасын айкындоочу объективдүү форма.
3. Улуу Жибек жолундагы *Зор-Алай, Дароот-Коргон, Алтын-Дара, Дара, Дароот, Даңги, Дүкөн-Конуш, Кара-Зак* топонимдик катары аталган маданий-экономикалык магистралдын картографиясын аныктоо менен бир катарда кыргыз элинин башка тилде сүйлөгөн уруулар менен болгон алакасын чагылдырган лингвистикалык факторлордон.
4. Улуттун менталдык жактан калыптануусу лингвистикалык код катарында келүүчү номинативдик система менен эриш-аркак өнүгүү менен, топонимикалык кордун жалаң гана фонетикалык оболочкасынын өзгөрүүсүн шарттабастан, табигый тилдин категориялык мыйзамдарын да жарата алган структуралык моделдеринин парадигматикалык тутуму боло алат.

5. Чоң-Алай топонимиясынын курамындагы байыркы топонимдердин тарыхый өнүгүүсү кыргыз тилинин фонологиялык эволюциясын жана семантикалык жактан калыптануусунун мыйзам ченемдерин чагылдырат.

**3.2. Диссертацияда берилген ар бир илимий натыйжанын (жобонун) жана тыянак, корутундунун негизделүү жана тастыкталуу даражасы.**

**1-жобо** ынанымдуу, анткени Чоң-Алай топонимиясынын байыркы катмарын түзгөн аталыштардын этимондук составы жалпы кыргыз топонимикасынын тарыхый пайдубалы, концептуалдык негизи болуп эсептелери топонимика, кыргыз тилинин тарыхы, лексикологиясы, түркология боюнча буга чейин аткарылган лингвистикалык пландагы илимий эмгектердеги көз караштарды, ориентология, тарых, география боюнча изилдөө-эмгектердеги материалдарды анализдөөнүн натыйжасында ачылып берилген.

2**-жобо** азыркы күнгө дейре сакталып келген Чоң-Алай топонимиясы онтологиялык байыркы негиздүү структура жана кыргыз тилинин лексикалык корунун динамикасын айкындоочу объективдүү форма болуп эсептелери топонимика, кыргыз тилинин тарыхы, кыргыз лексикологиясы, түркология боюнча илимий эмгектердеги көз караштарды өбөлгө катары алуу менен, диссертанттын өзүнүн талдоолорунун жана жалпылоолорунун негизинде аныкталган, ошондуктан ынанымдуу.

3**-жобо** ынанымдуу, себеби Улуу Жибек жолундагы *Зор-Алай, Дароот-Коргон, Алтын-Дара, Дара, Дароот, Даңги, Дүкөн-Конуш, Кара-Зак* топонимдик катары аталган маданий-экономикалык магистралдын картографиясын аныктоо менен катар эле кыргыз элинин башка тилде сүйлөгөн уруулар менен болгон алакасын чагылдырган лингвистикалык факторлор болуп саналары кыргыз топонимикасы, лексикология, этимология, тил тарыхы, түркология боюнча эмгектердин жыйынтыктарына, ошондой эле тарых, география боюнча тиешелүү изилдөөлөргө таянуу менен, диссертанттын өзүнүн талдоолорунун негизинде көрсөтүлгөн.

**4-жободо** белгиленген бүтүм, тактап айтканда, улуттун менталдык жактан калыптануусу лингвистикалык код катарында келүүчү номинативдик система менен эриш-аркак өнүгүп, топонимикалык кордун жалаң гана фонетикалык кабыкчасынын өзгөрүүсүн шарттабастан, табигый тилдин категориялык мыйзамдарын да жарата алган структуралык моделдеринин парадигматикалык тутуму боло алары топонимика, лексикология, морфология, фонетика, ошондой эле когнитивдик тил илими боюнча эмгектердеги жобо, көз караштарга таянуу менен, Чоң-Алай топонимиясынын материалдарынын негизинде ачылып берилген.

Чоң-Алай топонимиясынын курамындагы байыркы топонимдердин тарыхый өнүгүүсү кыргыз тилинин фонологиялык эволюциясын жана семантикалык жактан калыптануусунун мыйзам ченемдерин чагылдырарын белгилеген **5-жобо** лексикология, тилдин тарыхы, фонетика, этимология боюнча

эмгектердеги көз караш, жоболлрду негизге алуу менен, диссертанттын өзүнүн талдоолорунун натыйжасында чыгарылып, ынанымдуу мүнөзгө ээ.

**3.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

**1-жобо** ***жарым-жартылай жаңы,*** анткени жеке эле Чоң-Алай топонимиясы эмес, жалпы эле кыргыз топонимдеринин же локалдуу түрдө алынган конкреттүү бир аймактын топонимдеринин байыркы катмарын түзгөн аталыштар жалпы кыргыз топонимикасынын тарыхый пайдубалы болуп эсептелери тууралуу көз караштар кыргыз топонимдери боюнча буга чейинки изилдөөлөрдө (мис. Б. Юнусалиев, Д. Исаев, Н. Жапаров, К. Конкобаев, Н. Акматов, М. Шамшиева, Д. Абдуллаев ж.б.) тигил же бул формада айтылып келген

**2-жобону** ***жаңы*** деп эсептөөгө болот, анткени азыркы күнгө дейре сакталып келген Чоң-Алай топонимиясы онтологиялык байыркы негиздүү структура жана кыргыз тилинин лексикалык корунун динамикасын айкындоочу форма болуп эсептелери бул иште алгач ирет белгиленип жатат.

3-**жобо** ***жаңы,*** Чоң-Алай өрөөнүндөгү Зор-Алай, Дароот-Коргон, Алтын-Дара, Дара, Дароот, Даңги, Дүкөн-Конуш, Кара-Зак топонимдери Улуу Жибек жолунун картографиясында аныктоочу мааниге ээ болуу менен катар кыргыз элинин башка тилде сүйлөгөн уруулар менен болгон алака-мамилесин чагылдырган лингвистикалык факторлор болуп саналары бул иште алгач ирет илимий жобо катары көрсөтүлгөн.

4-**жобону** ***жаңы*** деп саноого негиз бар, анткени **у**луттун менталдык жактан калыптануусу лингвистикалык код катарында келүүчү номинативдик система менен эриш-аркак өнүгүп, топонимикалык кордун жалаң гана фонетикалык кабыкчасынын өзгөрүүсүн шарттабастан, табигый тилдин категориялык мыйзамдарын да жарата алган структуралык моделдеринин парадигматикалык тутуму боло алары тууралуу идея алгач жолу туюндурулуп жатат.

5-**жобону** ***жаңы*** деп эсептөөгө болот, себеби Чоң-Алай топонимиясынын курамындагы байыркы топонимдердин тарыхый өнүгүүсү кыргыз тилинин фонологиялык эволюциясын жана семантикалык жактан калыптануусунун мыйзам ченемдерин чагылдырары Чоң-Алай топонимиясынын материалдарын диахрондук жана синхрондук планда алгач ирет системалуу иликтөөнүн натыйжасында чыгарылган.

**3.4. Квалификациялык белгилерге дал келиши**.

**1.** Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү

1.1. Илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ маселенин жаңы чечилиши.

**2.** Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылык деңгээли

2.1. Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

**3.** Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу

3.2. Жогору.

**4.** Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

**5.** Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли

5.3. Тармактын масштабында.

**6.** Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөө ишинен алынган корутунду пикирлер, тыянак-натыйжалар, теориялык материалдар жана негизги жоболорду илимий изилдөөчүлүк жана билим берүүчүлүк максатта колдонууга болот. Тактап айтканда, топонимика, тил тарыхы, лексикология ж.б. боюнча бул багыттагы кийинки изилдөөлөрдө теориялык-методологиялык жана практикалык планда пайдалануу сунушталат. Филологиялык адистиктерде лексикология, кыргыз тилинин тарыхы, түркология, ошондой эле Кыргызстандын тарыхы, географиясы, аймактаануу ж. б. боюнча адистик жана тандалып окулуучу сабактарды өтүүдө колдонууга болот. Ошондой эле кыргыз тил илиминде жаңыдан гана колго алына баштаган географиялык лингвистика боюнча изилдөөлөрдүн кийинки багыттарын аныктоого өбөлгө боло алмакчы.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну, жалпысынан, кыскача чагылдырылган; структуралык жактан дал келет. Болгону, иш боюнча жарык көргөн макалалардын саны диссертациянын тексти менен авторефератта айырмаланат: диссертацияда 8 макала, авторефератта 10 макала жарык көргөнү көрсөтүлгөн.

**6. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.** Изилдөөнүн мазмуну боюнча республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин студенттерине «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бүтүндүгү жана Чоң-Алай топонимиясы» деген темада семинар жана атайын курс окулган.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын чагылдырган жалпы 10 макала жарык көргөн, анын ичинде 9 макала РИНЦ системасында катталган журналдарда, 1 макала чет өлкөлүк басылмада жарыяланган. Алар төмөнкүлөр:

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**


1. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясы кыргыз этногенезинин тарыхый өнүгүүсүндөгү лингвистикалык фактор катарында [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». – 2014. - № 1. – 79-80-бб. ISSN: 1694-7851

2. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын ретроспективдик мүнөздөгү топонимдеринин тарыхый лингвистикалык планы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». – 2014. - № 1. – 160-161-бб. ISSN: 1694-7851

3. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын алтай тили менен болгон генетикалык карым-катышынын жер-суу аттарындагы манифестациясы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 243-244-бб. ISSN: 1694-7851

4. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясындагы байыркы лингвистикалык субстрат [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 133-134-бб. ISSN: 1694-7851

5. Султанова, А. А. Кыргыз тарыхый лексикологиясы жана Алай оронимдик системасы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 135-136-бб. ISSN: 1694-7851

6. Султанова, А. А. Топонимдер улуттук аң-сезимдин когнитивдик негизи катарында [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - № 8. – 122-124-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29672482

6. Султанова, А. А. Топонимдердин семантикалык диахрониясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - № 8. – 125-126-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29672483

7. Султанова, А. А. Mistranslation of Historical Names [Текст] / А. А. Султанова, Н. Эргешбаева, Н. Р. Жапаров // Journal of Positive School Psychology. - 2023, Vol. 7, No. 2, 655-662 http://journalppw.com

8. Султанова, А. А. Чоң-Алай когнитивдик топонимиясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. - № 8. – 349-353-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663793

9. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый эволюциясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. - № 8. – 354-358-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663794

10. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын географиялык негиздери жалпы тил илиминин алкагында [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. - № 4. – 354-358-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663794

**7. Диссертациялык иш боюнча сын-пикирлер жана сунуштар:**

Жогоруда айтылгандар менен катар, диссертациялык иш боюнча биз байкаган айрым жагдайларды сунуш, сын-пикир катары көрсөтө кетүүнү туура көрдүк. Алардын бир катары иштин мазмунуна, бир катары техникалык тарабына, тариздлишине тиешелүү.

1. "Изилдөөнүн методологиясы жана методдору" деп аталган 2.1-параграфта изилдөөдө колдонулган методдор, ык-амалдар, методологияга түшүндүрмө берилбестен, ишке түздөн-түз жана кыйыр тиешеси бар эмгектерге обзор берүү мүнөзүндө болуп калган. Диссертант *методология* (изилдөө методдоруна тиешелүү) жана *методологиялык негиз* (ишке теориялык-методологиялык негиз болгон эмгектерге тиешелүү) түшүнүктөрүн алмаштырып алгандай.

2. 27-бетте *тескей – күнгөй* атрибутивдик компоненттик түзүлүшү тууралуу айтылат, бул жерде *тескей – күнгөй* атрибутивдик эмес, номинативдик компоненттик түзүлүш. Анткени "Кыргыз тилинин сөздүгүндө" (2009), К.К. Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүндө" бул сөздөр атрибутив эмес, зат атооч катары түшүндүрүлгөн.

3. Айрым ойлордун, окумуштуулардын пикирлерине шилтемелердин кайталануулары учурайт, мисалы: 1) академик Б.М.Юнусалиевдин азыркы кыргыз тили менен Энесай эстеликтеринин тилинин окшоштугу тууралуу пикири 13-бетте жана 60-бетте, Алтайдан келген жер-суу аталыштары тууралуу пикири 23-бетте жана 63-бетте, кыргыз урууларынын тохарлар, согдилер менен контактылары тууралуу пикири 11-бетте жана 95-бетте; А. Батмановдун Унга дарыясынын өрөөнүн археологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жазганы 19-бетте жана 94-бетте; Д. Исаевдин топонимдердеги **сар** форманты боюнча пикири 25-бетте жана 66-бетте; Н. Жапаровдун согди тили боюнча, Л. Хромовдун жаңы согду тили боюнча көз караштары 26-бетте жана 96-бетте толук бойдон кайталанып орун алган.

4. 81-бетте "...**алаа** <u>концепти</u> адам тулкусунун ылдыйкы бөлүгү катары *ара-ала-ача* тибиндеги омоформаны жаратуу менен *ала-улуг-алай* тибиндеги фоносемантикалык эволюциясынын натыйжасында топонимдик лексикага жайылгандыгын байкоого болору..." белгиленген. Бул жерде соматикалык категориядагы лексикалык бирдик болгон **алааны** концепт катары кароо канчалык деңгээлде шартталган?

5. Иште 120- жана 126-беттерде *Гыдырша өлгөн зоо, Балык секирген жер, Бөрү кутурган жылга* сыяктуу топонимдик конструкциялар атоочтук түрмөк деп каралган. Буга кошула албайбыз, анткени көрсөтүлгөн конструкциялар атрибутивдик эмес, аныктагыч (атоочтук түрмөк) + аныкталгыч (зат атооч) түзүлүшүндөгү номинативдик мааниде турат, алардын

структурасындагы *Гыдырша өлгөн, Балык секирген, Бөрү кутурган* компоненттери гана атоочтук түрмөк болуп саналат.

6. 118-бетте "...сан атоочтор сандык мааниден тышкары да кыргыз элинин тилинде, менталдык жактан калыптануусунда *саркастикалык* түшүнүктөрдү алып жүрөт" деп айтылат. Мында *саркастикалык түшүнүктөр* эмес, *сакралдык түшүнүктөр* деген туура. Анткени *саркастикалык* "сарказм – шылдың" деген сөз менен байланыштуу болгондуктан, кыргыздарда **жети, үч, кырк** сандары саркастикалык болушу эч мүмкүн эмес.

7. Иште колдонулган адабияттардын тизмесинде 224+4 эмгек көрсөтүлгөн, бирок алардын айрымдарына шилтемени тексттен кезиктире алган жокпуз. Ошондуктан библиографиялык тизмени кайра карап чыгуу керек.

8. Диссертациянын жана автореферattтын текстинде бирин-серин орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык каталар учурайт. Айрым контексттерде ойдун логикасы бузулган учурлар кездешет, бул болсо айтылуучу ойдун маанисинин өзгөрүшүнө алып келет.

**8. Корутунду:**

А. А. Султанованын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери" аттуу диссертациялык изилдөөсүн темасы кыргыз тил илими үчүн актуалдуу, алдына койгон максат-милдеттери аткарылган, тиешелүү деңгээлдеги илимий жыйынтыктар алынган, илимий-теориялык жана практикалык мааниге ээ, толук бүткөн, мазмуну жана жыйынтыктары 10.02.01 – кыргыз тили адистигинин паспортуна жооп берген иш катары эсептөөгө негиз бар.

**9. Диссертациялык кеңешке берилген документтерди карап чыгып,** Айнура Абайдиллаевна Султанованын филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери" деген темадагы диссертациялык ишинин темасынын актуалдуулугун, кыргыз тил илими, асыресе, кыргыз топонимикасы, кыргыз тилинин лексикологиясы, тарыхы үчүн зарылдыгын, алынган тыянак-натыйжаларынын далилдүүлүгүн, илимий жаңылыгын жана теориялык, практикалык жактан маанисин эске алып, ишти Д.10.24.700 диссертациялык кеңешке 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча коргоого кабыл алууга негиз бар деп эсептейбиз.

**10. А. А. Султанованын диссертациялык иши үчүн сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер.**

А. А. Султанованын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Махмуд Кашкаринин “Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери”деген аталыштагы диссертациялык ишине **жетектөөчү мекеме** катары Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин гуманитардык факультетинин филология бөлүмү сунушталат. Дареги: 720044, Бишкек шаары, Жал кичи району, Тыналиев көчөсү, 30-43.

**Расмий оппоненттер катары төмөнкүлөр сунушталат**:

**1. Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековна –** филология илимдеринин доктору, доцент

**Эмгектери:**

1. Тилдик кубулуштарды лингвопоэтикалык аспектиде изилдөө (монография). -Бишкек, 2010. -363 б.
2. Көркөм чыгарманын тилин изилдөөнүн айрым маселелери // Социальные и гуманитарные науки. -2010. -№6. -52-55-бб.
3. Парафразалардын жаралыш себеби жана көркөмдүк касиети // Кыргыз тили жана адабияты. -2009. -37-39-бб.

2. **Акматов Нурбек –** филология илимдеринин кандидаты, доцент, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасынын доценти

**Эмгектери:**

1. Ысык-Көл топонимиясы: моногр. Каракол: Даркан, 2009. - 244 бет.

2. Ысык-Көл жер-суу аттарынын сөздүгү (илимий маалыматтар, уламыштар, аңыздар). Каракол: Даркан, 2009. - 224 бет.

2. Лингвистическая рецепция топонимов центральноазиатской геолокации (тюрко-монгольский ареал). Вестник КИГИ РАН (Oriental Studies). №5. Языкознание / Литературоведение. - Элиста, 2019. С. 945-956. Соавторы: Абдуллаев С.Н., Мушаев В.Н.

3. О лексическом переосмыслении названий географических обьектов (на материале киргизских и калмыцких топонимов). / Сб: Сравнительно-типологические исследования на материале монгольских и тюркских языков. №3”. Элиста: Изд. КалмГУ, 2021г. С.83-87. Соавторы: Б.Э.Убушиева, В.Н.Хонинов.

4.Кыргызстандын этнотопонимдери. Жыйнакта: ULUSLARARASI ADBILIM SEMPOZYUMU BILDIRILER KITABI. - IZMIR, 2021. 367-386-бб.

5.Топонимика жана архивдер // 2-Эл аралык ономастикалык симпозимдун материалдары. - Нурсултан: “Илим” басмасы, 2022. 287-308-бб.
6.Топонимика жана картография. // MATERIALIS III INTERNATIONAL ONOMASTICS SYMPOSIUM. – Toshkent: Bookmany print, 2024. 120-128-бб.

Н. Г. Абдыкеримованын колун
ЫРАСТАЙМЫН
Окумуштуулар кеңешинин катчысы
«11» 02 2025

Эксперт,
филология илимдеринин доктору,
К. Тыныстанов ат. Ысык-Көл
мамлекеттик университетинин
кыргыз тили жана адабияты
кафедрасынын профессору **А. Э. Абдыкеримова**

10.02.2025-ж.

**Эксперт А. Э. Абдыкеримованын колун тастыктаймын**

Д 10.24.700 диссертациялык
кеңештин окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин доктору **С. К. Каратаева**

Ж. Баласагын ат. КУУнун
КБ башчысы **А. Жайнакова**